| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**30-апрель 2024-жыл № 3** **Совет айылы**

**"Муниципалдык ишкананы кайра уюштуруу жөнүндө"**

Муниципалдык ишканаларды башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында муниципалдык ишкананын кайра уюштуруу жөнүндө, Жарандук кодексинин 92, 93, 94-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 7-февраль 2024-жылдагы № 52 токтому менен бекитилген пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформа мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө убактылуу жобого ылайык Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектүү III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. "Гөлөгөн-Суу" муниципалдык ишканасына "Кеңеш-Тазалык" муниципалдык ишканасын кошулуу жолу менен кайра уюштурулсун. "Гөлөгөн-Суу" муниципалдык ишканасы

   **Юридикалык жактын толук аталышы:**

   - **Малекеттик тилде** "Гөлөгөн-Суу" муниципалдык ишканасы;
   - **Расмий тилде** Муниципальное предприятие "Гөлөгөн-Суу"

   **Кыскартылган фирмалык аталышы:**

   - Мамлекеттик тилде: "Гөлөгөн-Суу" МИ.
   - Расмий тилде: МП "Гөлөгөн-Суу".

2. "Гөлөгөн-Суу" муниципалдык ишканасынын уставы бекитилсин.
3. "Гөлөгөн-Суу" муницпалдык ишканасынын юридикалык дареги Аук айылы болуп аныкталсын.
4. Муниципалдык ишкана Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
5. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.
6. Токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**